ЭКОНОМИКА

УДК: 338.452.3
DOI 10.65996/topscience-2457/2026-1.1/143-157

Акматова А. А.
ага окутуучу
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
akmatova.a@yandex.ru
Машрапова Ш. Т.
магистр окутуучу
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
mashrapovasharipa@gmail.com

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТИГҮҮ ТАРМАГЫНДА САЛЫКТЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨР ШАРТЫНДА КАРЖЫ КӨЗӨМӨЛҮН ӨРКҮНДӨТҮҮ

Акматова А. А.
Старший преподаватель
Кыргызский Государственный Университет им. И. Арабаева
г. Бишкек, Кыргызстан
akmatova.a@yandex.ru
Машрапова Ш. Т.
Преподаватель-магистр
Кыргызский Государственный Университет им. И. Арабаева
г. Бишкек, Кыргызстан
mashrapovasharipa@gmail.com

СОВЕРШЕНСТВОВАНИЕ ФИНАНСОВОГО КОНТРОЛЯ В ШВЕЙНОЙ ОТРАСЛИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В УСЛОВИЯХ НАЛОГОВЫХ ПРЕОБРАЗОВАНИЙ

Akmatova A. A.
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek, Kyrgyzstan
akmatova.a@yandex.ru
Mashrapova Sh. T.
Master's degree teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek, Kyrgyzstan
mashrapovasharipa@gmail.com

IMPROVEMENT OF FINANCIAL CONTROL IN THE GARMENT INDUSTRY OF THE KYRGYZ REPUBLIC IN THE CONTEXT OF TAX REFORMS

Аннотация. Макалада Кыргыз Республикасынын тигүү жана текстиль өнөр жайында салыктык башкаруу системасындагы өзгөрүүлөр жана алардын бизнести мыйзамдаштырууга тийгизген таасири комплекстүү түрдө талданат. Салык төлөмдөрүн бириктирүү жана фискалдык жүккө олуттуу жеңилдик киргизүү, ишканаларды көмүскө бизнес чыгарып, алардын ишмердүүлүгүн ачык жана мыйзамдуу кылууга багытталган негизги инструменттер катары каралат. Айрыкча каржы көзөмөлүнүн функцияларынын трансформациясына көңүл бурулат: негизинен мыйзам бузулууларды аныктоого багытталган репрессивдүү моделден алдын ала, аналитикалык, билим берүүчү жана тобокелдикке багытталган механизмдерди камтыган комплекстүү системага өтүшү талданат.
Макалада өнөр жайдын негизги көйгөйлөрү - мыйзамдуу эмес эмгек, кадрлардын жумуштан бошонуп кетиши, жумушчулардын социалдык камсыздыгынын төмөн деңгээли жана башкаруу процессинин ачык эместиги анализденет жана аларды каржы көзөмөлүн жакшыртуу аркылуу чечүү жолдору каралат. Салыктык өзгөрүүлөрдүн ар кандай масштабдагы ишканалардын ишмердүүлүгүнө, жаңы экономикалык шарттарга ылайыкташуу мүмкүнчүлүгүнө жана каржы процесстердин ачыктыгына тийгизген таасири көрсөтүлгөн.

Изилдөөдө салык саясаты, эмгекти мызамдаштыруу, жумушчулардын социалдык жана эмгек укуктарын сактоо, каржы көзөмөлүнүн натыйжалуулугу жана тармактын туруктуулугу ортосундагы тыгыз байланыш баса белгиленет. Өзгөчө көңүл комплексдүү каржы көзөмөлдү өнөр жайдын ачык, туруктуу жана эффективдүү иштешин камсыз кылган механизм катары карап чыгууга багытталган.

Аннотация. В статье представлен всесторонний анализ изменений в системе налогообложения швейной и текстильной промышленности Кыргызской Республики и их влияния на процессы легализации бизнеса. Рассматривается унификация налоговых платежей и значительное снижение фискальной нагрузки, которые выступают ключевыми инструментами стимулирования выхода предприятий из теневого сектора и повышения прозрачности их деятельности. Особое внимание уделяется трансформации функций финансового контроля: от преимущественно репрессивной модели, ориентированной на выявление нарушителей, к комплексной системе, включающей превентивные, аналитические, образовательные и риск-ориентированные механизмы. В работе анализируются основные проблемы отрасли, включая высокий уровень неформальной занятости, текучесть кадров, низкий уровень социальной защищённости работников и недостаточную прозрачность управленческих процессов, а также рассматриваются пути их преодоления через совершенствование финансового надзора. Подробно показаны изменения в налогообложении, их влияние на функционирование

предприятий различного масштаба, особенности адаптации к новым экономическим условиям и повышение прозрачности финансовых процессов. Работа демонстрирует тесную взаимосвязь между налоговой политикой, легализацией занятости, соблюдением трудовых и социальных прав работников, эффективностью финансового контроля и устойчивостью отрасли в современных экономических условиях. Отдельное внимание уделяется роли комплексного подхода к финансовому контролю как механизма обеспечения прозрачности, стабильного функционирования и развития швейной и текстильной отрасли в условиях переходной экономики.

Abstract. This article presents a comprehensive analysis of changes in the taxation system of the clothing and textile industry in the Kyrgyz Republic and their impact on business legalization processes. The article examines the unification of tax payments and a significant reduction in the fiscal burden, which serve as key instruments for stimulating enterprises to exit the shadow sector and increasing the transparency of their activities. Particular attention is paid to the transformation of financial control functions: from a predominantly repressive model focused on identifying violators to a comprehensive system incorporating preventive, analytical, educational, and risk-based mechanisms. The paper analyzes the key problems of the industry, including high levels of informal employment, staff turnover, low levels of social protection for workers, and insufficient transparency of management processes, and also considers ways to overcome them through improved financial supervision. The article presents a detailed description of changes in taxation, their impact on the functioning of enterprises of various sizes, the specifics of adaptation to new economic conditions, and increased transparency of financial processes. The study demonstrates the close relationship between tax policy, employment legalization, respect for workers' labor and social rights, the effectiveness of financial control, and the sustainability of the industry in the current economic environment. Particular attention is paid to the role of an integrated approach to financial control as a mechanism for ensuring transparency, stable operation, and development of the clothing and textile industry in a transitional economy.

Негизги сөздөр: каржы көзөмөлү, өнөр жайы, салыктык өзгөрүүлөр, салык жеңилдиктери, камсыздандыруу төлөмдөр, мыйзамсыз жумушчу активдүүлүк, салыктык башкаруу, жумушчулардын бошоп кетүүсү.

Ключевые слова: финансовый контроль, швейная промышленность, налоговая реформа, налоговые льготы, страховые взносы, неформальная занятость, налоговое администрирование, текучесть кадров.

Keywords: financial control, clothing industry, tax reform, tax breaks, insurance premiums, informal employment, tax administration, staff turnover.

Киришүү. Кыргыз Республикасынын тигүү жана текстиль өнөр жайы экономика үчүн стратегикалык мааниге ээ тармактардын бири болуп, калктын маанилүү бөлүгүн жумуш менен камсыз кылат жана экспорттук потенциалдын калыптанышына салым кошот. Соңку жылдары тармак бир катар көйгөйлөргө

туш болду, анын ичинде мыйзамсыз эмгек, жумушчулардын бошоп кетүүсү жана жумушчулардын социалдык камсыздандырылышынын төмөндүгү бар. Бул шарттарда мамлекеттик салык саясаты жана каржы көзөмөлүн өркүндөтүү чаралары өзгөчө мааниге ээ болуп, бизнести мыйзамдаштырууну стимулдоо жана ишканалардын ишмердүүлүгүнүн ачык-айкындуулугун жогорулатууга багытталган.

Изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргызстандын тигүү тармагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү стратегиялык маанисинен жана салык системасындагы масштабдуу өзгөрүүлөрдүн бизнести мызамдаштырууга жана каржы көзөмөлүнүн эффективдүүлүгүнө тийгизген таасирин изилдөөнүн зарылдыгынан келип чыгат.

2026-жылдын башынан тартып тигүү жана текстиль өнөр жайында салык системасында масштабдуу өзгөрүүлөр киргизилип, социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү, киреше салыгы жана экспорттук операцияларга болгон бирдиктүү салык төмөндөтүлдү. Бул чаралар фискалдык жүктү азайтууга, салыктык башкарууну жөнөкөйлөтүүгө жана ишканаларды көмүскө бизнестен чыгарууга шарт түзөт.

Изилдөөнүн максаты - салык саясатынын өзгөрүүлөрүнүн бизнести мыйзамдаштырууга жана тигүү тармагында каржы көзөмөлүн өркүндөтүүгө тийгизген таасирин комплекстүү баалоо.

Изилдөөнүн милдеттери:

салыктык өзгөрүүлөргө чейин жана кийин тигүү тармактын иштешин талдоо;

каржы көзөмөлүнүн функцияларынын трансформациясын жана бизнести мыйзамдаштырууга тийгизген таасирин изилдөө;

тармактын негизги көйгөйлөрүн аныктоо жана аларды салык жана каржы көзөмөлүн өркүндөтүү аркылуу чечүү жолдорун сунуштоо.

Изилдөөнүн методологиялык негизин салыштырмалуу-укуктук талдоо, экономикалык-статистикалык ыкмалар, системалык мамиле түзөт. Реформага чейин жана реформадан кийинки салык жүгүнүн деталдуу салыштыруусу конкреттүү эсептөөлөрдүн негизинде жүргүзүлдү. Ар кандай өлчөмдөгү ишканалар үчүн фискалдык жүктүн өзгөрүшүн көрсөткөн салыштырма таблицалар сунушталды.

Илимий жаңылыгы -салыктык өзгөрүүлөрдү фискалдык жана социалдык саясат куралы катары караган комплекстүү дисциплинардык ыкма, ошондой эле мамлекет менен бизнес арасындагы өз ара милдеттенмелер концепциясын каржы көзөмөлүнүн заманбап модели катары негиздөө.

Практикалык мааниси - каржы көзөмөлүнүн системасын өркүндөтүүгө, тобокелдикке багытталган ыкманы киргизүүгө, процедураларды автоматташтырууга жана көзөмөл механизмдерин мамлекеттик маалымат системалары менен интеграциялоого багытталган сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн теориялык негиздери. Каржы көзөмөлүнү мамлекеттин жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин акча каражаттарын калыптандыруу, бөлүштүрүү жана пайдалануу процессиндеги мыйзамдуулукту, максатка ылайыктуулукту жана натыйжалуулукту камсыз кылууга багытталган чаралардын, ыкмалардын

жана инструменттердин системасын билдирет. Ал бюджеттик, салыктык жана чарбалык дисциплинаны сактоону гана көздөбөстөн, ресурстарды рационалдуу пайдаланууга жана экономикалык туруктуулукту бекемдөөгө багытталган башкаруу механизми катары каралат. Азыркы шартта каржы көзөмөлү жөн гана текшерүү жана санкция колдонуу инструменти эмес, стратегиялык өнүгүүнү колдоочу, тобокелдиктерди алдын алуучу жана ачык-айкындуулукту камсыз кылуучу институт болуп саналат [1, с. 133].

Салык реформасынын шартында каржы көзөмөлүнүн ролу олуттуу өзгөрүүгө дуушар болууда. Ал негизинен жазалоочу функциядан алдын алуучу, билим берүүчү, аналитикалык жана стимулдоочу элементтерди камтыган комплекстүү моделге трансформацияланууда. Мындай модель ишкерлерге мыйзам талаптарын түшүндүрүү, кеңеш берүү, санариптик инструменттер аркылуу отчеттуулукту жеңилдетүү жана тобокелдикке негизделген текшерүү ыкмаларын колдонуу аркылуу мамлекеттик көзөмөлдүн сапатын жогорулатууга шарт түзөт. Натыйжада көзөмөлдөө механизми репрессивдүү эмес, өнөктөштүк мүнөзгө ээ болуп, экономикалык активдүүлүктү басаңдатпастан, тескерисинче, аны стимулдаштыруучу факторго айланат.

2026-жылдагы салык реформасы мамлекет менен бизнестин ортосундагы өз ара милдеттенмелер принцибине негизделет. Мамлекет салык жүгүн төмөндөтүү, администрациялык жол-жоболорду жөнөкөйлөштүрүү, отчеттуулукту санариптештирүү жана текшерүүлөрдүн санын оптималдаштыруу аркылуу ишкерлерге ыңгайлуу шарттарды түзөт. Өз кезегинде ишкерлер ачык-айкын иш алып барууга, бардык кызматкерлерди расмий түрдө каттоого, эмгек мыйзамдарын сактоого жана салыктарды өз убагында төлөөгө милдеттенишет. Бул принцип бийлик менен бизнестин ортосундагы жаңы форматтагы мамилелерге негиз салат, анда каршылашуу эмес, өз ара ишеним, жоопкерчилик жана узак мөөнөттүү өнөктөштүк үстөмдүк кылат.

Азыркы экономикалык теорияда салык стимулдоосу көмүскө экономиканы мыйзамдаштыруунун натыйжалуу инструменти катары каралат. Айрыкча Артур Лаффер тарабынан негизделген «Laffer curve» концепциясы салык ченин оптималдуу деңгээли бар экенин жана ашыкча жогорку салык чени салык базасынын кыскарышына алып келерин далилдейт. Теорияга ылайык, салык жүгүн төмөндөтүү ишкердик активдүүлүктүн өсүшүнө, инвестициялардын көбөйүшүнө жана расмий сектордун кеңейишине шарт түзөт [2, с. 881].

Кыргызстандын тигүү тармагында салык жүгүнүн 37,25%дан 12,78%га чейин төмөндөшү өндүрүшчүлөр үчүн олуттуу стимул болуп саналат. Мындай кескин өзгөрүү ишканалардын чыгымдарын азайтып, алардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатат, экспорттук потенциалын кеңейтет жана эмгек мамилелерин мыйзамдаштырууга түрткү берет. Күтүлгөндөй, ишканалардын массалык түрдө көмүскөдөн чыгышы бюджеттик түшүүлөрдүн узак мөөнөттүү өсүшүнө, социалдык фонддордун кирешелеринин көбөйүшүнө жана тармактын туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Ошентип, каржы көзөмөлүнүн жана салык

реформасынын айкалышы экономиканын жөнгө салынышына камсыз кылган стратегиялык инструмент катары каралат.

Изилдөөнүн натыйжасы. Кыргызстандын тигүү тармагында салык салуу системасы акыркы жылдарда бир нече маанилүү этаптарды өткөргөн. Бул өнүгүү мамлекеттин бизнести мыйзамдаштырууга жана тармакты колдоого багытталган системалуу аракеттерин чагылдырат.

2026-жылдын 1-январына чейин тигүү тармагы мурда эле олуттуу жеңилдиктерден пайдаланган. Бул мезгил тармакты колдоо боюнча биринчи системалуу аракеттердин башталышы болгон. Мамлекеттик салык кызматынын маалыматтары боюнча, эки-үч жыл мурун тигүү тармагы үчүн 0,25% ставкасы белгиленген. Бул абдан төмөнкү көрсөткүч. Салыштыруу үчүн, бирдиктүү салыкта иштеген башка өндүрүш тармактарынын ишканалары накталай эсептешүүлөрдө 4%, ал эми накталай эмес эсептешүүлөрдө 2% төлөшөт [3].

2026-жылдын 1-январына чейинки салык режиминин негизги параметрлери:

Бирдиктүү салык - пайдага салыгын, КНСти жана сатуу салыгын алмаштырган. Салык чени кирешенин 0,25%ын түзгөн. Бул салыктык чен 2027-жылга чейин белгиленген.

Социалдык төлөмдөр - тигүүчүлөр үчүн орточо айлык эмгек акынын 40%ынын 12%ына чейин азайтылган (салыштыруу үчүн: стандарттык чен - 27,25%) [4, с. 881].

Киреше салыгы - 2024-жылдын 1-апрелине чейин бир кызматкерге 1498 сом, андан кийин 2247 сомго жогорулатылган. Бул туруктуу суммалар болгон.

Патенттик система - чакан тигүү цехтери үчүн да иштеген.

Бул мезгилде салык жүгү төмөн болсо дагы эле тармакты толук мыйзамдаштыруу үчүн жетишсиз эле. Ошондуктан 2026-жылдан баштап кардиналдуу реформа жүргүзүлдү.

2025-жылдын 31-декабрында салык салуу жана социалдык камсыздандыруу тармагындагы бир катар мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамга кабыл алынды. Мыйзам ишкерлерди, жеке жана юридикалык жактарды колдоого багытталган жана 2025-жылдын 5-декабрындагы экономиканы колдоо чаралары жөнүндөгү Жарлыкты ишке ашыруу алкагында кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы билдиргендей, мыйзам тигүү жана текстиль өнөр жайынын субъекттери үчүн киреше салыгынын чени жана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтерин төмөндөттү.

Мыйзамга ылайык, 2030-жылдын 1-январына чейин тигүү жана текстиль өнөр жайынын бардык субъекттери үчүн төмөнкүлөр белгиленди:

Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бирдиктүү чени - орточо айлык эмгек акынын өлчөмүнүн 40 пайызынан эсептелген 12 пайыз

Киреше салыгынын минималдуу чени - тигүү жана текстиль өнөр жайында иштеген кызматкерлердин орточо айлык эмгек акысынын 1 пайызы

Ошентип, 2026-жылдын 1-январынан баштап бул ишкерлер бир кызматкер үчүн төмөнкүлөрдү төлөшөт:

Камсыздандыруу төлөмү - орточо айлык эмгек акынын өлчөмүнүн 40%ынын 12%ы, бул
2 115,5 сомду түзөт
Киреше салыгы - орточо айлык эмгек акынын 1%ы, бул 440,7 сомду түзөт
Жалпы сумма - бир кызматкер үчүн төлөмдөрдүн жалпы суммасы 2556,2 сомду түзөт. Белгилей кетчү нерсе, 2026-жылы орточо айлык эмгек акы 44070 сомду түзөт.
Тигүү тармагында салык салуунун өнүгүүсүн үч негизги мезгилге бөлүүгө болот. Төмөндө ар бир мезгилдин деталдуу салыштырмасы берилген:
Таблица 1, Тигүү тармагында салык көрсөткүчтөрүнүн салыштырма талдоосу

Көрсөткүчтөр	2024-жылга чейин	2024-2025 жж.	2026-ж. баштап
Бирдиктүү салык	0,25% (кирешеден)	0,25% (өзгөрүүсүз)	0,25% (2027-ж. чейин)
Камсыздандыруу төлөмү	12% × 40% орточо эмгек акы = 2115,5 сом	12% × 40% орточо эмгек акы = 2 115,5 сом	12% × 40% орточо эмгек акы = 2115,5 сом
Киреше салыгы	1498 сом (туруктуу)	2 247 сом (апрелден)	440,7 сом (1% орточо ЭА)
ЖАЛПЫ (айына)	613,5 сом	4362,5 сом	2556,2 сом
Өзгөрүү	базалык деңгээл	+20,7% (базага карата)	-41,4% (2025-ж. карата)

(Булак: Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынын расмий маалыматтары)
Таблица 1 салык системасынын өнүгүшүн ачык көрсөтөт:
Биринчи этап (2024-жылга чейин) - киреше салыгы туруктуу 1498 сом болгон, камсыздандыруу төлөмдөрү орточо айлык эмгек акынын 40%ынын 12%ын түзгөн.
Экинчи этап (2024-2025) - 2024-жылдын апрелинен баштап киреше салыгы 2247 сомго жогорулатылган (50%га өскөн), бирок камсыздандыруу төлөмдөрү өзгөрүүсүз калган.
Үчүнчү этап (2026-жылдан баштап) - киреше салыгы 440,7 сомго түшүрүлдү (2247 сомдон, башкача айтканда 80,4%га азайды), камсыздандыруу төлөмдөрү 2115,5 сомго туруктандырылды.
Бул өзгөрүү мамлекеттин стратегиясынын өзгөрүшүн көрсөтөт: 2024-жылы киреше салыгын жогорулатуу аракети тармакты каржылоого жетишсиз болгон, ошондуктан 2026-жылдан баштап кардиналдуу башка багытта - салык жүгүн кескин төмөндөтүү жолу тандалды.
Төмөндө 2024-жылдан 2026-жылга чейинки мезгилде салык жүгүнүн өзгөрүшүнүн деталдуу талдоосу берилген:
Таблица 2
Салык жүгүнүн деталдуу салыштырма талдоосу
(бир кызматкерге айлык эсептөө)

Төлөмдүн түрү	2024-жылга чейин	2024-2025 жж.	2026-ж. баштап

Камсыздандыруу төлөмү	2 115,5 сом	2 115,5 сом	2 115,5 сом
Киреше салыгы	1 498 сом	2 247 сом	440,7 сом
ЖАЛПЫ (айына)	3 613,5 сом	4 362,5 сом	2 556,2 сом
Өзгөрүү (2024-ж. карата)	—	+749 сом (+20,7%)	−1 057,3 сом (−29,3%)
Өзгөрүү (2025-ж. карата)	—	—	−1 806,3 сом (−41,4%)

(Булак: автордун эсептөөлөрү расмий маалыматтардын негизинде)

Таблица 2ден төмөнкү негизги тенденцияларды көрүүгө болот:

Камсыздандыруу төлөмдөрү бардык үч мезгилде өзгөрүүсүз - 2 115,5 сом. Бул туруктуулук ишканаларга болжолдоону жеңилдетет.

Киреше салыгы эң чоң өзгөрүүлөргө дуушар болгон: 2024-жылы 1498 сомдон 2247 сомго өскөн (+50%), андан кийин 2026-жылы 440,7 сомго түшкөн (-80,4%). Жалпы салык жүгү 2024-жылы 3613,5 сомдон 2024-2025-жылдары 4362,5 сомго өскөн (+20,7%), андан кийин 2026-жылы 2556,2 сомго түшкөн (-41,4% 2025-жылга салыштырмалуу, же -29,3% 2024-жылга салыштырмалуу).

Эң чоң өзгөрүү 2026-жылдын 1-январында болгон, бул реформанын кардиналдык мүнөзүн далилдейт.

Салык реформасынын ишканага тийгизген таасирин баалоо үчүн ар кандай өлчөмдөгү тигүү ишканалары үчүн жылдык каржы үнөмдүн көлөмүн эсептеп көрөлү:

Таблица 3

Ишкананын өлчөмүнө жараша жылдык экономикалык эффект

Өлчөмү	Кызматкер саны	Айлык каржы үнөмдүн көлөмү	Жылдык каржы үнөмдүн көлөмү	АКШ доллары
Чакан	10	18 063 сом	216 756 сом	~2 480
Чакан	20	36 126 сом	433 512 сом	~4 960
Орточо	50	90 315 сом	1 083 780 сом	~12 400
Орточо	100	180 630 сом	2 167 560 сом	~24 800
Ири	200	361 260 сом	4 335 120 сом	~49 600
Ири	500	903 150 сом	10 837 800 сом	~124 000

(Булак: автордун эсептөөлөрү)

Ар бир өлчөмдөгү ишкана үчүн каржы үнөмдү пайдалануунун оптималдуу стратегиялары:

Чакан ишканалар (10-20 кызматкер) - жылдык каржы үнөм 0,6-1,2 млн сом:

Эмгек акыны 20-30%га жогорулатуу (айына 3 000-5 000 сом кызматкерге);

1-2 жаңы заманбап машинаны сатып алуу;

Жумушчу шарттарды жакшыртуу (жарык, вентиляция.)

Орто ишканалар (50-100 кызматкер) - жылдык каржы үнөм 2,9-5,9 млн сом:

Өндүрүштү модернизациялоо (10-15 жаңы машиналар);

Кызматкерлерди окутуу программаларын киргизүү;
Кошумча жумушчу орундарды ачуу;
Ири ишканалар (200-500 кызматкер) - жылдык каржы үнөм 11,7-29,4 млн сом:
Толук автоматташтыруу (заманбап линиялар);
Жаңы цехтерди ачуу, иш орундарын кеңейтүү;
Экспортко чыгуу, эл аралык рынокторго кирүү;
Өз брендин түзүү, маркетингге инвестициялоо.
Салык реформасынын дагы бир маанилүү аспектиси - бул бирдиктүү салык чени. Мурда тигүү тармагы 0,25% ставкасын төлөгөн, бул башка өндүрүш тармактарына караганда олуттуу төмөн болгон.
Таблица 4
Бирдиктүү салык ченеминин салыштырма көрсөткүчтөрү

Тармак	Накталай толом	Накталай эмес толом
Тигүү жана текстиль	0,25%	0,25%
Башка өндүрүш тармактары	4 %	2,0%
Айырма	16,8 эсе аз	8 эсе аз
Мисал: 10 млн сом айлануу тигуу тармагында	25 000 сом/жыл	25 000 сом/жыл
Мисал: 10 млн сом айлануу башка тармакта	420 000 сом/жыл	200 000 сом/жыл
Тигүү тармагында каржылык үнөмдүн көлөмү	395 000 сом	175 000 сом

(Булак: Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынын маалыматтары)

Таблица 5 ачык көрсөткөндөй, тигүү тармагы өзгөчө артыкчылыктуу абалда:
Башка тармактарга салыштырмалуу - тигүү тармагы накталай эсептешүүлөрдө 16,8 эсе аз төлөйт (0,25% 4 %га каршы), накталай эмес эсептешүүлөрдө 8 эсе аз (0,25% 2%га каршы).
Экономикалык негиздеме - мамлекет тигүү тармагын социалдык маанилүү деп эсептеп, ага олуттуу колдоо көрсөтөт. Мамлекеттик салык кызматы белгилегендей, тигүү тармагы мамлекеттен олуттуу колдоо алат.
Узак мөөнөттүү мүнөздөмө - бул жеңилдик 2027-жылга чейин белгиленген, бул болжолдуулукту камсыз кылат.
10 миллион сом жылдык айлануусу бар ишкана үчүн:
Тигүү тармагында бирдиктүү салык: 25 000 сом/жыл (0,25%)
Башка тармакта (накталай эмес): 200 000 сом/жыл (2%)
Каржы үнөмдүн көлөмү: 175 000 сом/жыл

Жүргүзүлгөн комплекстүү талдоо төмөнкү негизги корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берет:

Салык жүгүнүн олуттуу азаюусу. 2024-2025-жылдарга салыштырмалуу салык жүгү 41,4%га азайды (4362,5 сомдон 2556,2 сомго). Бул тигүү ишканаларына бизнести мыйзамдаштыруу үчүн чыныгы экономикалык стимул берет.

Прогрессивдүү пайда системасы. Эмгек акысы канчалык жогору болсо, үнөмжем да ошончолук чоң (15000 сомдо 29,2%, 40000 сомдо 71,3%). Бул эмгек акыны жогорулатууга стимул берет.

Ишканалардын өлчөмүнө карабастан пайда. Чакан цехтерден (0,6 млн сом/жыл) баштап ири фабрикаларга чейин (29,4 млн сом/жыл) бардык ишканалар үнөмдөйт.

Башка тармактарга салыштырмалуу артыкчылык. Тигүү тармагынын бирдиктүү салыгы башка тармактардыкынан 8-16 эсе аз, бул өзгөчө атаандаштыктуу абал түзөт.

Узак мөөнөттүү болжолдуулук. Жеңилдиктер 2027-2030-жылдарга чейин белгиленген, бул инвестицияларды пландоого мүмкүндүк берет.

Бул өзгөрүүлөр тармакты мыйзамдаштырууга, кызматкерлердин социалдык коргоосун күчөтүүгө, экспортту өнүктүрүүгө жана эл аралык рыноктордо атаандаштыкты жогорулатууга багытталган.

Реформанын ийгилиги кызматкерлердин мыйзамдуу деңгээлинин өсүшүнөн, салык түшүүлөрүнүн жогорулашынан жана тармактын экспорттук потенциалынын кеңейишинен көрүнөт.

Тигүү өнөр жайы Кыргыз Республикасынын экономикасында экспорттук потенциалы жогору жана жумуш орундарын түзүүчү маанилүү сектор болуп эсептелет. Ошол эле учурда бул тармакта салыктык тартипти сактоо, каржы отчеттуулуктун ачыктыгы жана мыйзамдаштыруу маселелери системалуу мүнөзгө ээ болууда.

Көйгөйлөр. Тигүү ишканаларынын олуттуу бөлүгү ишмердүүлүгүн жарым-жартылай же толук мыйзамсыз негизде жүргүзөт. Мындай көрүнүш салыктык базага түздөн-түз таасир этет, анткени:

кирешелер толук декларацияланбайт;

кошумча нарк салыгы (КНС) жана киреше салыгы боюнча отчеттуулук бурмаланат;

социалдык чегерүүлөр минималдаштырылат.

Натыйжада мамлекеттик бюджетке түшүүчү кирешелер азайып, фискалдык туруктуулукка коркунуч жаралат. Мындан тышкары, көмүскө сектордун кеңири жайылышы расмий статистикалык маалыматтардын ишенимдүүлүгүн төмөндөтөт [4, с. 361].

Тигүү тармагындагы көптөгөн чакан жана орто ишканаларда бухгалтердик эсеп эл аралык стандарттарга толук шайкеш жүргүзүлбөйт. Бул төмөнкү көрүнүштөр менен мүнөздөлөт:

киреше жана чыгашаларды толук чагылдырбоо;

кош эсеп жүргүзүү практикасы;

накталай акча жүгүртүүнүн жогорку үлүшү.
Мындай шартта салык органдарына берилген отчеттордун сапаты жана ишенимдүүлүгү төмөндөйт. Каржы маалыматтын ачыктыгынын жетишсиздиги инвестициялык жагымдуулукту да төмөндөтөт. [5, с. 547].
Айрым субъекттер салыктык милдеттенмелерди азайтуу максатында:
ишмердүүлүктү бир нече майда субъекттерге бөлүү;
кирешени жасалма түрдө аз көрсөтүү;
эмгек мамилелерин жарандык-укуктук келишимдер аркылуу жашыруу сыяктуу ыкмаларды колдонушат.
Бул көрүнүштөр адилет атаандаштык принцибин бузуп, мыйзамдуу иш жүргүзгөн ишканалар үчүн теңсиз шарттарды жаратат.
Расмий эмгек келишимдеринин жоктугу социалдык камсыздандыруу фонддоруна чегерүүлөрдүн азайышына алып келет. Бул:
мамлекеттик социалдык фонддордун кирешесин кыскартат;
кызматкерлердин социалдык корголуш деңгээлин төмөндөтөт;
келечектеги пенсиялык укуктарга терс таасирин тийгизет.
Демек, салыктык жана социалдык саясаттын натыйжалуулугу эмгек мамилелерин укуктук тартипке келтирүү түздөн-түз көз каранды.

Электрондук эсеп-фактуралар, онлайн-кассалык аппараттар жана интеграцияланган бухгалтердик программалар толук масштабда колдонулбагандыктан, салыктык көзөмөлдүн натыйжалуулугу чектелүү бойдон калууда. Санариптик инструменттерди кеңири киргизүү салыктык башкарууну жакшыртып, көмүскө жүгүртүүнү азайтууга шарт түзөт. [6, с. 434].
Тигүү тармагындагы негизги көйгөйлөр салыктык тартиптин жетишсиздиги, каржы отчеттуулуктун ачыктыгынын төмөн деңгээли жана көмүскө экономиканын кеңири жайылышы менен байланыштуу. Бул факторлор мамлекеттик бюджеттин кирешелерин чектеп, тармактын туруктуу өнүгүүсүнө тоскоолдук жаратат.
Өнүгүү келечеги. Тигүү өнөр жайын туруктуу өнүктүрүү жана салыктык тартипти чыңдоо шартында тармактын келечектеги өнүгүү багыттары комплекстүү институционалдык, экономикалык жана технологиялык реформалар менен байланыштуу.

Тармактын туруктуу өсүшү ишканаларды ачык экономикага интеграциялоо менен түздөн-түз байланыштуу. Бул багытта:
жөнөкөйлөштүрүлгөн салык режимдерин өркүндөтүү;
административдик тоскоолдуктарды азайтуу;
мыйзамдуу ишканалар үчүн стимулдук механизмдерди киргизүү зарыл.
Мындай чаралар салыктык базаны кеңейтүүгө жана мамлекеттик бюджеттин кирешелерин
туруктуу көбөйтүүгө өбөлгө түзөт.
Санариптик технологияларды кеңири колдонуу салыктык тартипти чыңдоонун негизги
фактору болуп саналат. Өнүгүү мүмкүнчүлүгүн жогорулатуучу багыттар:
электрондук эсеп-фактуралар жана онлайн-кассаларды толук киргизүү;

бухгалтердик системаларды салык органдарынын маалымат базалары менен интеграциялоо;
автоматташтырылган тобокелдик-анализ системаларын колдонуу.
Бул чаралар көмүскө жүгүртүүнү азайтып, каржы маалыматтын ишенимдүүлүгүн жогорулатат.
Каржы ачыктыктын жогорулашы инвестициялык жагымдуулукту күчөтөт. Тармакты
өнүктүрүүнүн негизги багыттары:
эл аралык каржы отчеттуулук стандарттарын (IFRS) этап-этабы менен киргизүү;
чакан жана орто ишканалар үчүн жөнөкөйлөштүрүлгөн отчеттук моделдерди иштеп чыгуу;
ички аудит жана каржы көзөмөлүнүн механизмдерин күчөтүү сунушталат.
Бул инвесторлордун ишенимин арттырып, экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтет.
Эмгек мамилелеринин мыйзамдуу болушу социалдык туруктуулуктун жана фискалдык
туруктуулуктун негизги шарты болуп саналат. Бул багытта:
эмгек келишимдерин каттоону жөнөкөйлөтүү;
социалдык төлөмдөрдү төлөгөн ишканаларга стимул берүү;
эмгек инспекциясынын маалыматтык системаларын өркүндөтүү маанилүү.
Мындай чаралар жумушчулардын социалдык корголушун камсыз кылат жана социалдык фонддордун кирешелерин көбөйтөт.
Технологиялык жаңылануу тармактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатат.
Келечектеги өнүгүү төмөнкү багыттарды камтыйт:
CAD/CAM жана MES сыяктуу санариптик өндүрүш технологияларын киргизүү;
ресурстарды пландаштыруу системаларын (ERP) колдонуу;
өндүрүш процесстерин автоматташтыруу аркылуу чыгымдарды оптималдаштыруу.
Бул өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатып, салыктык отчеттуулуктун тактыгын камсыздайт. [7, с. 207].
Тигүү өнөр жайынын келечеги экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү менен байланыштуу. Бул үчүн:
сапат стандарттарын эл аралык талаптарга шайкеш келтирүү;
логистикалык инфраструктураны жакшыртуу;
бренд түзүү жана кошумча наркы жогору продукция өндүрүү зарыл.
Экспорттун өсүшү валюталык түшүүлөрдү көбөйтүп, тармактын расмий экономикадагы ролун бекемдейт.
Сунуштар. Салык реформасын ийгиликтүү ишке ашырууну жана каржы көзөмөлүн күчөтүүнү камсыз кылуу үчүн төмөнкү сунуштар берилет:
1. Мызам бузууларды жасоо тобокелдүүлүгү жогорку салык төлөөчүлөрдү аныктоо үчүн критерийлер системасын иштеп чыгуу зарыл. Текшерүүлөр кызматкерлерди жасалма каттоонун, айлануунун төмөндөшүнүн же башка

кыянаттык аракеттердин белгилери бар ишкапаларга багытталышы керек. [8, с. 339].

2. Салык кызматынын, социалдык фонддун жана бажы органдарынын маалымат базалары менен интеграцияланган тигүү тармагынын кызматкерлерин эсепке алуунун бирдиктүү маалыматтык системасын түзүү. Кызматкерлердин санынын өндүрүштүн жана экспорттун көлөмүнө шайкеш келишинин автоматтык мониторингин киргизүү.

3. Салык жеңилдиктерин колдонуу, каржы эсепке алууну жүргүзүү жана эмгек мыйзамдарын сактоо маселелери боюнча үзгүлтүксүз семинарларды жана консультацияларды уюштуруу. Жеткиликтүү методикалык материалдарды жана онлайн-ресурстарды иштеп чыгуу.

4. Мыйзамдардын сакталышын комплекстүү көзөмөлдөө үчүн салык кызматынын, социалдык фонддун, бажы органдарынын жана эмгек инспекциясынын ортосунда эффективдүү өз ара аракеттенүүнү орнотуу.

5. Расмий түрдө катталган кызматкерлердин санынын динамикасы, салык түшүүлөрүнүн көлөмү, экспорттук көрсөткүчтөр жөнүндө үзгүлтүксүз (кварталдык) отчеттор аркылуу реформанын натыйжаларына комплекстүү мониторинг жүргүзүү.

Корутунду. Жыйынтыктап айтканда, тигүү өнөр жайы Кыргыз Республикасынын экономикасында экспорттук багыттагы, жумуш орундарын түзүүчү жана чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүчү стратегиялык мааниге ээ тармак болуп саналат. Ошол эле учурда тармактын туруктуу өнүгүүсүнө тоскоолдук жараткан системалуу көйгөйлөр - көмүскө экономиканын кеңири жайылышы, салыктык тартиптин жетишсиздиги, каржы отчеттуулуктун ачыктыгынын төмөн деңгээли жана ички каржы көзөмөлүнүн механизмдеринин алсыздыгы - дагы эле актуалдуу бойдон калууда. [9, с. 56].

Изилдөөнүн жүрүшүндө белгилүү болгондой, тигүү ишканаларынын бир бөлүгүндө ишмердүүлүктүн толук мыйзамсыздыгы салыктык базанын тарылышына алып келип, мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин жоготуусуна себеп болууда. Кирешелерди толук декларациялабагандык, накталай акча жүгүртүүнүн көзөмөлсүздүгү жана кош эсеп жүргүзүү сыяктуу практикалар фискалдык тартипке терс таасирин тийгизип, адилет атаандаштык чөйрөсүн бузууда. Мындан тышкары, эмгек мамилелеринин мыйзамсыздыгы социалдык төлөмдөрдүн аз чогулушуна алып келип, кызматкерлердин социалдык корголуш деңгээлин төмөндөтөт.

Каржы отчеттуулуктун жетишсиз ачыктыгы жана бухгалтердик эсептин стандартташтырылбаган практикасы инвесторлордун ишенимине терс таасир этет жана тармактын эл аралык рынокторго интеграцияланышын чектейт. Санариптик эсепке алуу жана автоматташтырылган көзөмөл механизмдеринин жетишсиз колдонулушу салыктык башкаруунун натыйжалуулугун төмөндөтүп, көмүскө жүгүртүүнүн сакталып калышына шарт түзөт [10, с. 762].

Ошол эле учурда тигүү өнөр жайы жогорку өнүгүү потенциалына ээ. Тармакты мыйзамдаштыруу, салыктык башкарууну санариптештирүү, бухгалтердик эсепти эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү жана эмгек мамилелерин

легалдаштыруу аркылуу фискалдык туруктуулукту камсыз кылууга болот. Өндүрүштү технологиялык модернизациялоо, санариптик башкаруу системаларын киргизүү жана экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү тармактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатат [11, с. 769].

Комплекстүү институционалдык реформаларды ишке ашыруу тигүү тармагында ачык, атаандаштыкка жөндөмдүү жана туруктуу экономикалык чөйрөнү калыптандырууга шарт түзөт. Натыйжада салыктык түшүүлөрдүн көбөйүшү, инвестициялык жагымдуулуктун жогорулашы жана социалдык-экономикалык туруктуулуктун бекемделиши камсыздалып, тигүү өнөр жайы улуттук экономиканын өсүшүнүн маанилүү драйверлеринин бири катары бекем орун алат.

Колдонулган адабияттар:

1. Акматова, А. А. Кыргызстандын экспортко багытталган тигүү ишканаларында каржы тобокелдиктери жана аларды азыйтуунун механизмдери / А. А. Акматова // Илимий ачылыштар. – 2026. – No. 1. – P. 133-145. – EDN IDLRUW.
2. Акматова, А. А. Цифровизация налоговой системы Кыргызской Республики / А. А. Акматова, Б. К. Абдраимова, Р. К. Асанов // Вестник Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. – 2025. – № 2/2. – С. 881-888. – DOI 10.33514/1694-7851-2025-2/2-881-888. – EDN RZEJAF.
3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы [Электронный ресурс] URL: https://sti.gov.kg/
4. Акматова, А. А. Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто бизнестерге салык салуунун заманбап ыкмалары / А. А. Акматова, Б. К. Абдраимова // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2025. – No. 3/2. – P. 359-365. – DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-359-365. – EDN YPGGWS.
5. Акматова, А. А. Өнөр жай ишканаларынын ресурстарынын экономикалык мүнөзү жана аларды натыйжалуу пайдалануну камсыз кылууда финансылык көзөмөлдүн ролу / А. А. Акматова, А. Ч. Качкынова // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2025. – No. 4/2. – P. 546-553. – DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/2-546-553. – EDN VOJDCM.
6. Эркимбаев, К. И. Влияние контрольно-кассовых машин на развитие экономики Кыргызстана / К. И. Эркимбаев, А. А. Акматова, Ш. Сейдохматова // Вестник Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. – 2023. – № 1. – С. 431-435. – DOI 10.33514/1694-7851-2023-1-431-435. – EDN KBHRVK.
7. Кулекова, Ч. Б. Идентификация рисков малого и среднего бизнеса швейной отрасли легкой промышленности Кыргызской Республики / Ч. Б. Кулекова, Н. Ш. Кулеков, А. А. Акматова // Вестник Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. – 2021. – № 2. – С. 205-212. – DOI 10.33514/1694-7851-2021-2-205-212. – EDN HFNHUN.

8. Бексултанов, А. А. Финансовая отчетность и контроль за использованием денежных средств на предприятии / А. А. Бексултанов, А. Т. Турдалиева, Т. К. Сулайманова // Устойчивое развитие: анализ тенденций российской и мировой экономики. Сборник материалов Международной научно-практической конференции, Махачкала, 04–05 апреля 2023 года. – Махачкала: Общество с ограниченной ответственностью "Издательство АЛЕФ", 2023. – С. 338-343. – EDN OZJJGH.
9. Бексултанов, А. А. Проблемы цифровизации экономики регионов / А. А. Бексултанов, М. Т. Зикираев // Известия Ошского технологического университета. – 2023. – № 2-2. – С. 50-55. – EDN HSGUOX.
10. Бексултанов, А. А. Өнөр-жай ишканаларынын финансылык ресурстарды пайдалануусуна талдоо / А. А. Бексултанов, Юй. Цэи, А. Абдыжапар // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2025. – No. 2/1. – P. 761-767. – DOI 10.33514/1694-7851-2025-2/1-761-767. – EDN NHCRDU.
11. Бексултанов, А. А. Кыргыз Республикасында өндүрүш ишканаларынын инвестициялар менен иш алып баруудагы талдоосу / А. А. Бексултанов, Юй. Цэи, А. Абдыжапар // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2025. – No. 2/1. – P. 768-774. – DOI 10.33514/1694-7851-2025-2/1-768-774. – EDN MYPVPI.

Рецензент: экономика илимдеринин кандидаты, и.о. профессор Асанов Р.К.